Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын Кеңешинин
2026-жылдын 29-июлу
№ 01-5/41 токтому менен бекитилди

# 2025-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2026-жылга аудитордук иш планына ылайык, 2025-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектилери**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, аймактык башкармалыктары жана Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы саламаттыкты сактоо уюмдары.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары – ММК фонду) мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөө тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн аудит жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

ММК фондунун бюджетинин аткарылышын төмөндөгү ченемдик документтерде белгиленген критерийлерге ылайык баалоо, аудиттин предмети болуп саналат:

Аудитке киргизилген маселелер:

- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы;

- штаттык ырааттамалардын, эмгек акы төлөө шарттарынын сакталышы жана Социалдык фонддун төгүмдөрүнүн чегерилиши;

- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышы жана транспорттордун пайдаланылышы;

- ижара мамилелери;

-товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражаттардын эсебин жүргүзүү;

- Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун талаптарынын аткарылышы;

- Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы;

- курулуш-куроо жана оңдоо иштери;

- башка бузуулар жана кемчиликтер.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:**

-“Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”;

- “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

- "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";

- "Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдар, саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөлөрүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";

- “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө";

- “Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө”;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” ;

- "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө";

-"Саламаттык сактоо жана медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";

-“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө”;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин токтомдору:

- 2023-жылдын 15-ноябрындагы №597 “Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө”;

-2023-жылдын 20-сентябрындагы №491 “Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу”;

-2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө”;

-2022-жылдын 30-мартындагы №182 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө;

- “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

-2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

-2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” жана 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомдору;

-2020-жылы 17-июлундагы №385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу”;

-2022-жылдын 1-августу №436 “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо жөнүндө”;

-2022-жылдын 20-майындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;

-2023-жылдын 16-майындагы №254 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

-2012-жылдын 11-июнундагы №389 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялуу (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фондун түзүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу”;

-2021-жылдын 24-декабрындагы №339 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө”;

-2023-жылдын 4-августундагы №450-т Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси;

-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу;

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2025-жылдын 29-августундагы №912 “2025-2027-жылдарга карата саламаттык сактоо уюмдары үчүн жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругу;

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин .2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө” буйругу жана башка укуктук ченемдик актылар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Аудит INTOSAI негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен,

негиздүү ишеним алуу үчүн аудит жүргүзүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

ММК фондунун бюджетинин мыйзам талаптарына шайкеш аткарылышына тийиштүү жана жетиштүү далилдерди алуу жана аудиттин максаттарына жетүү үчүн, тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде, аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык аудит жүргүзүлдү.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- биринчи кол коюу укугу менен төрага А.К. Муканов, төраганын орун басары М.Т. Шабданов бүтүндөй аудит мезгилине карата;

- экинчи кол коюу укугу менен Бюджетти аткаруу бөлүмүнүн башчысы Д.А. Сагыналиев, Эсепке алуу жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы А.А. Каримова бүтүндөй аудит мезгилине карата.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында, ММК фондунда жана анын аймактык башкармалыктарында жана саламаттыкты сактоо уюмдарында каражаттарды пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудит камтылган учурларда жалпысынан бардык аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда 2024-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы менен 2025-жылдын 9-сентябрындагыы №01-20/82 жазма буйрук жөнөтүлгөн.

29 пункттан турган жазма буйруктун ичинен 25 пункту аткарылган, 3 пункту жарым-жартылай аткарылган (11,13 жана 24-пункттар), 1 пункту аткарылган эмес (17-пункту). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 37499,1 миң сомдон, 28549,9 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 8949,2 миң сомду түзөт.

**Сунуштамалар боюнча:**

Сунуштама жалпы 19 пункттан турган, анын ичинен аткарылганы 18 пункт, жарым-жартылай аткарылганы 1 пункт (7- пункт).

Эскертүү:

Жазма буйруктун аткарылбаган пункттары боюнча эскертүү каты жөнөтүлөт.

**ММК фонду жөнүндө кыскача маалымат**

"ММК фонду жөнүндө" жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №339 токтому менен бекитилген. ММК фонду жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы болуп эсептелет (*КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги № 208 токтомунун редакциясына ылайык).*

Функциялардын кайталанышын болтурбоо жана саламаттыкты сактоо системасын каржылоо механизмдерин реформалоо максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 11-январындагы №6 токтому менен аталган Жобого өзгөртүүлөр киргизилип, ММК фонду жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы (б.а. базалык мамлекеттик камсыздандыруу функциясы алынган) мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы болуп саналат.

ММК фондунун максаты болуп, ММК фондунун милдеттерин жана функцияларын финансылык камсыздоо үчүн багытталган акча каражаттарынын консолидацияланган фондусунун эсебинен, Кыргыз Республикасында жарандарды сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилдеп, камсыз кылуу эсептелет.

**2025-жылга ММК фондунун бюджетинин түзүлүшү**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети – бул, милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн багытталган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 41-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин кирешелери:

*1) республикалык бюджеттен төмөнкүдөй ассигнованиелер:*

*- милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары катары берилүүчү;*

*- саламаттык сактоодогу максаттуу программаларды ишке ашырууга берилүүчү;*

*2) Социалдык фонддун бюджетинен алынган милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары;*

*3) медициналык камсыздандыруу полистерин сатып алуу жолу менен милдеттүү медициналык камсыздандыруу тутумуна камтылбаган юридикалык жана жеке (анын ичинде чет өлкөлүк) жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү;*

*4) келишимдик милдеттенмелерди талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн белгиленген тартипте өндүрүлгөн финансылык санкциялар;*

*5) эл аралык уюмдардан алынган гранттар;*

*6) социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар;*

*7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка кирешелер.*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 42-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин чыгашалары төмөндөгүлөргө багытталат:

*1) милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;*

*2) милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын каржылоого;*

*3) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга;*

*4) милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен саламаттык сактоо жаатындагы ден соолукту алдын алуу жана чыңдоо боюнча иш-чараларды жана башка максаттуу программаларды каржылоо боюнча саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө.*

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин түзүү, бекитүү жана аткаруу теңдештирүү принцибинин негизинде жүзөгө ашырылат.**

ММК фондунун 2025-жылга бюджети, 2025-жылдын 20-январындагы № 14 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, **кирешелер боюнча 8 327,9 млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 8 327,9 млн сом** суммасында бекитилген.

2026-жылдын 20-январындагы №4 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ММК фондунун 2025-жылга бюджети **кирешелер боюнча 10 340,1 млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 10 340,1 млн сом** суммасында такталып, бекитилген параметрлер **2 012,2 млн сомго** өзгөртүлгөн:

-2025-жылга ММК фондуна берилүүчү Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын өлчөмү 1172,9 млн сом, анын ичинен 1 028,9 млн сом мамлекеттик кепилдик программасы боюнча жана 144,0 млн сом калкка көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын сапатын жогорулатууга каралган;

-ММК фондунун бюджетине которулуучу милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүнөн түшүүлөрдүн жалпы көлөмү 2025-жылга 5 418,6 млн сом суммасында бекитилген, 885,6 млн сомго такталып киреше 6 304,2 млн сомду;

-ММК фондунун башка кирешелери 630,7 млн сомго бекитилген, 110,7 млн сомго кыскартылып 520,0 млн сомду;

- акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар 829,1 млн сом суммасында бекитилген, 932,1 млн сомго такталып киреше 1761,2 млн сомду;

- жылдын башына карата калдык 420,5 млн суммасында бекитилген, 161,3 млн сомго такталып 581,8 млн сомду түзгөн.

**Финансылык жана экономикалык көрсөткүчтөр (негиздеме)**

Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтарына ылайык, 2025-жылдын 1-январына карата ММК фондунда катталган калктын саны 6 930,7 миң адамды түзгөн, анын ичинен, камсыздандырылгандар 5 225,3 миң адамды же 75,4%ды түзөт, аймактар боюнча маалыматтар төмөндөгү таблицада берилген:

| Аймактын аталышы | ҮМБ/ ЖДПБ саны | 2025-жылга карата калктын саны | ММК камсыздандырылгандар | % |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 13 | 1 347 209 | 1 013 314 | 75,2 |
| Чүй областы | 10 | 942 841 | 709 095 | 75,2 |
| Ош областы | 12 | 1 797 032 | 1 344 954 | 74,8 |
| Баткен областы | 9 | 561 065 | 415 590 | 74,1 |
| Жалал-Абад областы | 19 | 1 249 229 | 935 399 | 74,9 |
| Ысык-Көл областы | 7 | 496 284 | 380 934 | 76,8 |
| Нарын областы | 5 | 285 121 | 235 518 | 82,6 |
| Талас областы | 5 | 251 946 | 190 542 | 75,6 |
| Бардыгы | 80 | 6 930 727 | 5 225 346 | 75,4 |

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы менен камтылбагандар милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин (мындан ары – ММК полиси) сатып алуу жолу менен, милдеттүү медициналык камсыздандырууга төгүмдөрдү төлөөгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 19-мартындагы №276 "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө" буйругу менен Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1840 сом, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн 11 910 сом бекитилген.

2025-жылы 204 745 ММК полиси берилген (2024-жылы 151127 полиси берилип, ал 53618 ММК полисине көп), анын ичинде:

– камсыздандырылбаган жарандарга -155178 полис 285,5 млн сомго;

– чет өлкөлүк жарандарга -49550 полис 411,9 млн сомго;

– кайрылмандарга -17 полис 0,01 млн сомго;

– кош бойлуу аялдарга -59368 полис Мамлекеттик кепилдиктер программасынын негизинде акысыз берилген.

Жалпысынан, 2025-жылы ММК полисин сатуудан 752,6 млн сом түшкөн.

**ММК фондунун 2025-жылга бюджетинин киреше бөлүгү,** төмөндөгү таблицада берилген:

(миң сомдо)

| Аталышы | 2024-жылга отчет | 2025-жылга бекитилген бюджет | 2025-жылга такталган бюджет | 2025-жылга аткарылышы | Четтөө 5-2-топтор | Аткаруу %да (5:4) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 12 134 150,3 | 1 028 935,2 | 1 172 895,7 | 1 172 895,7 | - 10 961 254,6 | 100,0 |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 5 045 951,0 | 5 418 568,8 | 6 304 235,0 | 6 304 235,0 | 1 258 284,0 | 100,0 |
| Башка кирешелер | 485 204,0 | 630 738,0 | 520 000,0 | 761 939,0 | 276 735,0 | 146,0 |
| Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар | 2 004 615,4 | 829 120,9 | 1 761 138,4 | 1 777 119,6 | -227 495,8 | 100,9 |
| Жыл башына карата калдык | 429 655,3 | 420 495,9 | 581 834,5 | 581 834,5 | 152 179,2 | 100,0 |
| Эл аралык уюмдардан алынган трансферттер | 9 307,0 | 0,0 | 0,0 | | - 9307,0 | 0,0 |
| **Бардыгы** | **20 108 883,0** | **8 327 858,8** | **10 340 103,6** | **10 598 023,8** | **9 510 859,2** | **102,5** |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, ММК фондунун 2025-жылга карата бюджетинин киреше бөлүгү **10 598 023,8 миң сом** суммасында планга салыштырмалуу 257 920,2 миң сомго көп, же 102,5%га аткарылган. 2024-жылга салыштырмалуу кирешелердин келип түшүүсү 52,7%га, же 9 510 859,2 миң сомго азайган, бул базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууну каржылоо Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу болгон.

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен калктын социалдык жактан аярлуу катмары үчүн милдеттүү медициналык камсыздандырууга (ММК) камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катары такталган параметрлер 1 172 895,7 миң сомго 100 %га каржыланган.

Ушундай эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары-

Социалдык фонд) бюджетинен ММК фондунун бюджетине берилүүчү каражаттардын көлөмү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төгүм төлөөчүлөр төлөгөн милдеттүү медициналык камсыздандырууга (МКК) түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн такталган параметрлери 6 304 235,0 же 100 %га каржыланган.

Ал эми, ММК фондунун башка кирешелери жогоруда белгиленгендей, милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы менен камтылбаган адамдарга милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин (мындан ары – ММК полиси) сатуудан 752 639,0 миң сом түшкөн.

ММК фондунун бюджетин аткаруу процессинде киреше бөлүгүнө ошондой эле, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан каражаттарды мыйзамсыз же максатсыз пайдалануунун натыйжасында, текшерүү органдары тарабынан өндүрүлгөн 9 300,0 миң сом суммасында каражаттар түшкөн.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн киреше 1 777 119,6 миң сомду түзүп, 100,9 %га аткарылган.

## ММК фондунун 2025-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү (негиздеме)

2025-жылы ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 137 саламаттык сактоо уюму менен келишим түзүлгөн, анын ичинде:

- 58 жалпы дарыгердик практика борбору;
- 57 оорукана, анын ичинде 11 улуттук борбор жана 10 областтык оорукана;
- 22 үй-бүлөлүк медицина борборлору;

2025-жылдын 31-декабрына дарыканалардын чекене тармагы менен фармацевтикалык ишканалар жана дарыканалар менен 294 дарыкана жана 822 дарыкана пункту менен дары-дармек менен жеңилдетилген камсыздоо боюнча 171 келишим түзүлгөн.

2025-жылга ММК фондунун бюджетинин көрсөткүчтөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык пландалган. Алар акыркы үч жылдагы стационардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында дарыланган учурлардын орточо пландуу көрсөткүчүнүн негизинде эсептелген, бул көрсөткүч 1 012 148 учурду түзөт.

2025-жылга такталган бюджетке ылайык, ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдары менен түзүлгөн келишимдердин негизинде дарыланган учурлардын пландуу көрсөткүчтөрү 961 658 учур өлчөмүндө түзүлгөн, анын ичинде:

- жалпы профилдеги стационарларда 941 831 дарыланган учур;
- кургак учукка каршы стационарларда 2 921 дарыланган учур;
- адистештирилген стационарларда (онкология, гематология, кардиохирургия жана психиатрия) 16 906 дарыланган учур.

2025-жылга камсыздандырылган калкка көрсөтүлгөн медициналык-санитардык кызматтар үчүн саламаттык сактоо уюмдарына өз убагында

төлөм жүргүзүүнү камсыз кылуу, ММК каражаттарын натыйжалуу пайдалануу жана Мамлекеттик кепилдиктер программасын ченемдик каржылоону камсыздоо максатында, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун милдеттенмелери төмөнкү каржылоо ченемдеринин негизинде эсептелген:

-Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандарды дары-дармек менен жеңилдетилген камсыз кылууга 1 кишиге (жан башына) ченем - 87,0 сом;

- Камсыздандырылган жарандар үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлер топторун каржылоонун жан башына ченеми - 440,0 сом;

- Стационарлардын медициналык кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн базалык коюму 4 793,0 сомду түзгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы стационарларда жана ММК фонду менен келишим түзгөн жалпы дарыгердик практика борборлорунун стационардык бөлүмдөрүндө 1 165 676 дарыланган учур катталган, бул пландалган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 204 018 учурга көп, алар:

- жалпы профилдеги стационарларда дарыланган учурлардын саны 1 132 237 (2024-ж.-1 133 966);

- кургак учукка каршы стационарларда 5 236 (2024-ж. -5 347) учур;

- адистештирилген стационарларда (онкология, психиатрия) 27 734 (2024-ж. – 27 134) учур дарыланган.

Социалдык категориялар боюнча дарыланган учурлардын түзүмүндө эң чоң үлүштү 18 жашка чейинки балдар түзөт - 36%, камсыздандырылбаган жарандар - 11,7%, пенсионерлер - 16%, иштеген жарандар - 9%, фермерлер жана жеке ишкерлер - 6%, социалдык жөлөкпул алуучулар -7%, башка категориялар -14,4%.

ММК Фондунун 2025-жылга бюджетинин **чыгаша** бөлүгү, төмөндөгү таблицада берилген:

(миң сом)

| Код | Чыгымдар беренелери | 2024-ж. аткарылышы | 2025-ж. такталган чыгымдар | 2025-ж. аткарылышы | % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| 2111 | Эмгек акы | 220 055,8 | 227 058,5 | 220 439,4 | 97,1 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр/чегерүүлөр | 30 483,5 | 31 941,5 | 30 471,9 | 95,4 |
| 2211 | Кызматтык чыгымдарга чыгашалар | 8 919,7 | 7 724,7 | 7 178,7 | 92,9 |
| 2212 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1 275,1 | 1 567,2 | 1 242,7 | 79,3 |
| 2213 | Ижара акысы | 11 476,9 | 14 726,5 | 14 390,1 | 97,7 |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 3 659,9 | 3 896,9 | 3 268,6 | 83,9 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 6 827,0 | 7 145,7 | 5 856,5 | 82,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2216 | Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренелер менен берилген чыгашалар | 18 354 163,3 | 10 029 783,4 | 8 208 510,2 | 81,8 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар | 3 001,6 | 1 825,0 | 671,7 | 36,8 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 3 920,3 | 4 210,9 | 3 559,5 | 84,5 |
| 2224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 196,0 | 206,0 | 198,3 | 100,0 |
| 2226 | Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө чыгашалар | 1 238,4 | 940,0 | 889,2 | 94,6 |
| 2231 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 391,8 | 1 720,8 | 1 501,8 | 87,3 |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 1 568,6 | 1 300,0 | 1 172,4 | 90,2 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 14 769,5 | 6 056,5 | 6 033,9 | 99,6 |
| 3113 | Башка негизги фонддор | 8 640,7 | | | |
| | **Жалпы:** | **18 671 588,1** | **10 340 103,6** | **8 505 384,9** | **82,3** |

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ММК фондунун бюджетинин чыгашалары **8 505 384,9 миң сомду** түзүп, такталган болжолу **10 340 103,6 миң сомду** түзгөн, же 82,3%га аткарылган. 2024-жылга салыштырмалуу ММК фондунун бюджетинин чыгашалары 10 166 200,0 миң сомго же 54,5 %га азайган, (бул ММК Фондунун киреше бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй республикалык бюджеттен базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууну каржылоо Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу).

Аудит жыйынтыкталган мезгилде ММК фондунун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алына элек болчу (“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК фондунун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу” Мыйзам долбоорунун маалыматтары пайдаланылды).

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету төмөндөгү таблицада берилген:**

(миң сомдо)

| Аталышы | 20.01.2025-ж. №14 КРнын Мыйзамы | 20.01.2026-ж. №4 КРнын Мыйзамы | Четтөө 3-2-топтор | 2025-жылга бюджеттин аткарылышы | Четтөө 5-3-топтор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Жыл башына карата калдыкты эске алуу менен кирешелер** | **8 327 858,8** | **10 340 103,6** | **2 012 244,8** | **10 598 023,8** | **257 920,2** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Анын ичинен | | | | | |
| **Башка кирешелер** | **630 738,0** | **520 000,0** | **- 110 738,0** | **761 939,0** | **241 939,0** |
| **Алынган расмий трансферттер** | **6 447 504,0** | **7 477 130,7** | **1 029 626,7** | **7 477 130,7** | **0,0** |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 1 028 935,2 | 1 172 895,7 | **143 960,5** | 1 172 895,7 | **0,0** |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 5 418 568,8 | 6 304 235,0 | **885 666,2** | 6 304 235,0 | **0,0** |
| **Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар** | 829 120,9 | 1 761 138,4 | **932 017,5** | 1 777 119,6 | **15 981,2** |
| анын ичинен кошумча төлөм каражаттары | 829 120,9 | 1 761 138,4 | **932 017,5** | 1 777 119,6 | **15 981,2** |
| Жыл башына калдыгы | 420 495,9 | 581 834,5 | **161 338,6** | 581 834,5 | **0,0** |
| **Бардык чыгашалар:** | **8 327 858,8** | **10 340 103,6** | **2 012 244,8** | **8 505 384,9** | **- 1 834 718,7** |
| Эмгек акы | 179 877,3 | 227 058,5 | 47 181,2 | 220 439,4 | -6 619,1 |
| Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 25 068,9 | 31 941,5 | 6 872,6 | 30 471,9 | -1 469,6 |
| Кызматтык сапарларга чыгашалар | 7 824,7 | 7 724,7 | -100,0 | 7 178,7 | -546,0 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1 931,7 | 1 567,2 | -364,5 | 1 242,7 | -324,5 |
| Ижара акысы | 12 142,2 | 14 726,5 | 2 584,3 | 14 390,1 | -336,4 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 4 372,9 | 3 896,9 | -476,0 | 3 268,6 | -628,3 |
| Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 7 845,7 | 7 145,7 | -700,0 | 5 856,5 | -1 289,2 |
| Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү берене менен берилген чыгашалар | 8 078 023,0 | 10 029 783,4 | 1 951 760,4 | 8 208 510,2 | -1 821 273,2 |
| Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | 2 305,0 | 1 825,0 | -480,0 | 671,7 | -1 153,3 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 3 646,8 | 4 210,9 | 564,1 | 3 559,5 | -651,4 |
| Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 206,0 | 206,0 | 0,0 | 198,3 | -7,7 |
| Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар | 1 000,0 | 940,0 | -60,0 | 889,2 | -50,8 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 714,6 | 1 720,8 | 6,2 | 1 501,8 | -219,0 |
| Имараттар жана курулмалар | | 1 300,0 | 1 300,0 | 1 172,4 | -127,6 |
| Машиналар жана | 1 900,0 | 6 056,5 | 4 156,5 | 6 033,9 | -22,6 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| жабдуулар | | | | | |
| Жыл аягына карата каражаттардын калдыгы | | | | **2 092 638,9** | **2 092 638,9** |

Жогоруда белгиленгендей, отчеттук маалыматтарга ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына ММК фондунун топтоо эсебиндеги жана саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын жалпы калдыгы **2 092 638,9 миң сомду** түзгөн, анын ичинен:

- Саламаттык сактоо уюмдарынын эсептериндеги калдык 1 006 136,1 миң сом;

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун топтоо эсебинде -1 086 502,8 миң сом, анын ичинде:

- Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү *(Өзгөчө кырдаалдар үчүн запас)* 525 352,9 4 миң сом;

- Полис төлөмүнөн аткарылган калдыгы – 241938,9 миң сом;

- ММК фондунун кошумча пакетке (ДП) каралган акча каражатынан калдыгы – 44 505,1 миң сом;

- Саламаттык сактоону өнүктүрүү фонду (ФРЗ) калдыгы – 11973,5 миң сом;

- Чет элдик студенттерге медициналык кароодон өткөрүү үчүн каралган каражаттын калдыгы – 11 035,0 миң сом;

- Дарыланган учур боюнча иштеп табылган каражаттан ашык калдыгы – 251 697,4 миң сом *(2025-жыл үчүн 2026-жылы 172,2 млн сом каржыланган).*

**Аныкталды жана корутунду**

Жогоруда белгиленгендей, 2025-жылдын 31-декабрына карата саламаттык сактоо уюмдарынын эсептеринде олуттуу көлөмдөгү каражаттардын калдыгы 1 006 136,1 миң сом суммасында түзүлгөн**,** же пландалган каражаттар толук пайдаланылбай калган.

Мындан тышкары, саламаттыкты сактоо уюмдарынын жылдын аягына карата бюджеттик мыйзамдарга киргизилген тактоолор, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөр тарабынан милдеттенмелерди жана шарттарды аткарбагандыгы саналат.

**Сунуштама**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин пландаштырууда саламаттык сактоо уюмдарынын иш жүзүндөгү чыгымдары, эсептериндеги каражаттардын калдыктары жана алардын өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрү эске алынсын.

Саламаттык сактоо уюмдарында каражаттардын өз убагында жана натыйжалуу пайдаланылышы камсыз кылынсын.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча ММК фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрүн тиешелүү деңгээлде аткарылышы камсыз кылынсын жана **1 006 136,1 миң сом**

суммасында каражаттардын пайдаланылбай калышынын себептери каралып, 2026-жылга каржылоодо эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Саламаттык сактоо уюмдарынын ММК фондунун каражаттарын жана кошумча төлөмдөрдүн пайдаланылышын жөнгө салган, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 "Саламаттык сактоо системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Саламаттык сактоо уюмдары алуучу каражаттарды пайдалануу жөнүндө" жобонун 24-пунктуна ылайык, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары жана мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын кошумча төлөмдөрү төмөнкүлөргө багытталат:

1) 20% - кошумча эмгек акыга, анын ичинде социалдык чегерүүлөргө;

2) 80% - дарылоо-диагностикалык процессине жана бейтаптардын тамактануусуна байланышкан иш-чараларга, медициналык жабдууларга, саламаттык сактоо уюмдарында бейтаптардын болуу жана аларды кароо шарттарын түзүү үчүн башка предметтерди жана материалдарды, товарларды сатып алууга.

2025-жылы Саламаттык сактоо уюмдарында иш жүзүндө жалпы киреше 7 949 445,4 миң сомду, жалпы чыгымдар 7 798 769,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен кошумча эмгек акыга социалдык чегерүүлөрү менен чыгымдар 1 283 444,3 миң сомду же 16,1%ды түзгөн.

Калган беренелерге багытталган каражаттар боюнча чыгымдар 6 515 325,3 миң сомду, же 81,9%ды түзүп, **151 039,5 миң сомго** *(7949,4 млн сом*1,9%)* чыгымдардын белгиленген ченемдик катышы сакталбастан, ашыкча пландалып чыгымдалган.

Ошондой эле, 2221 "Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар" беренесине 199 270,1 миң сом жана "Имараттар жана курулмалар" беренесине 162 613,8 миң сом, жалпысы 361 883,9 миң сомго пландалып чыгымдалган, анын ичинен, жогоруда аталган токтом күчүнө киргенге чейинки оңдоо иштери боюнча конкурс аркылуу түзүлгөн келишимдер боюнча төлөнгөн чыгымдары 130 097,1 мин сомду жана Натыйжага багытталган программасы (ПОР) боюнча оңдоо иштерине чыгымдалган каражаттар 153 988,7 миң сомду түзүп, натыйжада, жогоруда аталган 24 пункттун 2 пунктчасына шайкеш келбестен **77 798,1 миң сомго** жумуштарды аткаруу боюнча чыгымдар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Саламаттык сактоо уюмдарында каражаттарды пайдаланууда чыгымдардын белгиленген ченемдик катышынын сакталуусун камсыз кылуу, каражаттарды пландаштырууда жана пайдаланууда четтөөгө алып келген чыгымдардын себебин талдап, аныкталган кемчиликтер боюнча тийиштүү иш-чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Саламаттык сактоо уюмдарынын ММК фондунун каражаттарынан

2025-жылдын 31-декабрына карата жалпы кредитордук карыздары 256 961,0 миң сомду түзөт. Саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 "Саламаттык сактоо системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө" токтомунун негизинде келишимге ылайык көрсөткөн кызматына жараша каржыланат.

ММК фондунун типтүү келишиминин 4-бөлүм 9-пунктунда белгиленгендей, ММК фондунун каражаттары сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу, дебитордук жана кредитордук карыздарды ММК фондунун эсептөөлөрү боюнча милдеттенмелердин көлөмүнөн ашып кетишине жол бербөө милдеттери белгиленгендигине карабастан, төмөндө белгиленген саламаттык сактоо уюмдарында 2025-жылдын аягына кредитордук карыздар түзүлгөн жана аны төлөө мүмкүнчүлүгү жоктугунан, кошумча каражат бөлүп берүү өтүнүчү менен ММК фондуна кайрылышкан.

ММК фондунун 2025-жылдын 29-декабрындагы №183 буйругунун негизинде, 5 мекемеге кредитордук карыздарын жоюу үчүн, ММК каражаттарынан **61 600,0 миң сом** бөлүнгөн, анын ичинде: Улуттук онкология борборуна -3000,0 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасына -7600,0 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасына -6000,0 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБсына -23 000,0 миң сом жана Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасына -22 000,0 миң сом.

**Сунуштама**

ММК фондунун каражаттары түзүлгөн эсептөөлөргө ылайык чыгымдалсын жана иштеп тапкан каражатына жараша каржылансын. ММК фондунун каражаттарын сарамжалсыз чыгымдоолорго жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 23-декабрындагы №1331 "Клиникалык чыгымдар топторунун тизмесин жана коэффициенттерин бекитүү жөнүндөгү" буйругу жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылдын 26-декабрындагы №271 "Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген стационардык медициналык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарында дарыланган учурлар үчүн акы төлөө жөнүндө" буйругунун талаптары сакталбастан, ММК фондунан каржылоо үчүн "1С" программасы боюнча базага оорулуулардын дарыланган учурларын өз убагында базага (КИФ – клиникалык маалымат формасы) каттабагандыктан, дарыланган учурду кеч тастыктоодон, медициналык камсыздандырылбаган чет элдик жарандарды кабыл алуулардан, амбулатордук дарылануучуларды стационардык негизде дарылоо учурлары ж.б., жалпы 47739 дарылануу

учурунан **228 813,0 миң сом,** каражаттар ММК фондунун эсебинен каржыланбастан саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттик ресурстарынын жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылдын 26-декабрындагы №271 "Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген стационардык медициналык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарында дарыланган учурлар үчүн акы төлөө жөнүндө" буйругунун аткарылышы камсыздалсын.

Саламаттык сактоо уюмдарына ММК фондунун эсебинен, каралган каражаттар талап кылынбастан, саламаттык сактоо уюмдарынын **228 813,0 мин сом** бюджеттик ресурстарынын жоготуусуна жол берген тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын жана чыгымдары талдансын.

**ММК фондунун 2025-жылга бюджетинин программалык негизде аткарылышы боюнча маалыматтар**

**Бюджеттик чыгымдар программасы**

ММК фондунун бюджеттик чыгымдарынын орто мөөнөттүү стратегиясы 4 программаны камтыйт, анын ичинде:

**1.** ***Башкаруу жана администрлөө программасы.***

Программанын максаттары: Бирдиктүү төлөөчү катары Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун институттук жактан күчтөндүрүү. Башка программаларды ишке ашырууга координациялык жана уюштуруучулук таасир этүү.

***2. Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын кызмат көрсөтүүлөрү.***

Программанын максаттары: баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде ооруларды эрте аныктоо жана диагностикалоо, медициналык жана профилактикалык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

**3.** ***Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөр.***

Программанын максаты: Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында стационардык деңгээлде кепилденген медициналык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

**4.** ***Мамлекеттик кепилдиктер программасынын (мындан ары – МКП) көлөмүнөн ашыкча калкка берилүүчү медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.***

Программанын максаттары: менчигинин түрүнө карабастан, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кеңири спектрдеги кызмат көрсөтүүлөрдү берүү аркылуу жарандардын канааттануу деңгээлин жогорулатуу.

**1-Башкаруу жана администрлөө программасы**

Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен максималдуу камтуу жана ММК фонду тарабынан милдеттүү медициналык системаны өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Кыргыз Республикасында жарандарды ММК боюнча камсыздандыруунун артыкчылыктуу деңгээлине жетишилген. ММК боюнча камсыздандырылгандар 5 141,7 миң жаран, же калктын 75 пайызын түзгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 1-Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "Калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтуу" 75% ды түзгөн, же 100% га аткарылган.

**2-Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү** *(мындан ары-БМСЖ) программасы.*

2-Программа 19 индикаторду камтыйт.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 2-Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "Башка программалар боюнча жалпы чыгымдарда БМСЖга чыгымдардын үлүшү" 38,0% ды, такталган индикатор 38%ды түзгөн же 100%га аткарылган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 2-Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "1 тургунга БМСЖ дарыгерлерине баруулардын саны" 1,8ди түзгөн, такталган индикатор 1,8ди түзүп же 100% га аткарылган. 2024-жылга салыштырмалуу бул индикатор туруктуу бойдон калган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 2-Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "Бейтаптын канааттануу деңгээли (баалоо картасы боюнча)" жана такталган индикатор 71%ды түзгөн (2024-ж. 82%). 2024-жылга салыштырмалуу бул индикатор 11% азайган, аудитке берилген маалыматтарга ылайык, сурамжылоонун жыйынтыгында бейтаптардын өзүнүн оорусуна кандай факторлор таасир эткенин билишпегендиги же көңүл коштугун билдиришкен.

**3-Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү программасы**

3-Программа 11 индикаторду камтыйт.

31.12.2025-жылга карата ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 57 стационар, анын ичинде 11 Улуттук борбор жана 10 облустук оорукана жана 58 жалпы дарыгердик практика борборлору менен келишим түзүлгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "Канааттануу деңгээли (эсептөө картасы боюнча)" 88%ды (2024-ж. 82%), такталган индикатор 88%ды (2024-ж. 82 %) түзгөн же 100%га аткарылган. 2024-жылга салыштырмалуу бул индикатор 88%ды түзүп, 6% өзгөрүү байкалган.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 3 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору "100 миң калкка ооруканага жаткыруу деңгээли"

11,7 адамды түзүп, 2024-жылы 11,6 адамды түзгөн, 2024-жылга салыштырмалуу бул индикатор 100,8%га аткарылган.

**4.-Калкка мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн тышкары көрсөтүлүүчү медициналык жана башка кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу программасы**

Саламаттык сактоо уюмдарын колдоо, өнүктүрүү жана материалдык-техникалык жактан камсыздоо максатында чыгымдар 149 956,8 миң сом өлчөмүндө такталып, 67 медициналык жабдуу белгиленген тиркемеге киргизилген. Жыл ичинде 67 медициналык жабдуу алынып, чыгымдар 137 983,3 миң сом өлчөмүндө аткарылган, калдыгы 11 973,5 миң сомду түзөт.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы жана мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо

**Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоонун абалы жөнүндө маалымат**

Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо боюнча 2025-жылы фармацевтикалык фирмалар жана 294 дарыкана, 822 дарыкана пункттарынан турган чекене соода тармактары болгон дарыкана мекемелери менен 171 келишим түзүлгөн (2025-жылдын 31-декабрына карата).

**Жеңилдетилген рецепттерди жазуу**

2025-жылы ҮМБ/ЖДПБ дарыгерлери тарабынан 1802,4 миң жеңилдетилген рецепт жазылган, анын ичинде: мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого 247,6 миң рецепт (14%), жазылган. Камсыздандырылган жарандардын негизги категориясы боюнча – 1554,8 миң рецепт (86 %), Бишкек шаарына – 19 % (339,1 миң), Ош облусуна – 26 % (475,7 миң), Жалал-Абад облусуна –17% (313,8 миң), Чүй облусуна – 9 % (166,2 миң), Баткен облусуна – 11 % (206,4 миң), Ысык-Көл облусуна – 8 % (149,3 миң), Нарын облусуна - 5% (88,4 миң) Талас облусуна – 4 % (63,3 миң) туура келет.

2025-жылы ҮМБ/ҮДТ дарыгерлери тарабынан камсыздандырылган категорияга 1554,8 миң рецепт жазылган.

Дарыканаларга 12 айлык компенсациялык төлөмдөрдүн жалпы суммасы 409 748,6 миң сомго каржыланган. Кошумча медициналык камсыздандыруу программасы (КМКП) боюнча такталган смета 454 252,7 миң сомго каралса, чыгымдар 409 748,6 миң сомду түзүп, 90 %га аткарылган, же 44,6 миң сом планга салыштырмалуу аз аткарылып, калдык болуп калган.

Аймактар боюнча жеңилдетилген рецепттердин жалпы үлүшү Ош областында 27 %ды (421,8 миң рецепттер), Бишкек шаарында 19 %ды (295,8 миң рецепттер), Жалал-Абад областында 17 %ды (264,8 миң рецепттер), Баткен областында 12 %ды (182,8 миң рецепттер), Чүй областында 9 %ды (138,2 миң рецепттер), Ысык-Көл областында 8 %ды (124,5 миң рецепттер), Нарын областында 5 %ды (74,1 миң рецепттер), Талас областында 3 %ды (52,8 миң рецепттер) түзгөн.

Камсыздандырылган калктын негизги категориялары боюнча максималдуу саны пенсионерлерге 355,7 миң рецепт (23 %), иштеп жаткандарга жана жеке ишкерлерге 307,8 миң (20 %), фермерлерге 179,3 миң рецепт (12 %), балдарга жана студенттерге 146,4 миң рецепт (9 %), кош бойлуулугуна байланыштуу диагнозу менен 79,2 миң (5 %) жана башкаларга 361,9 миң жеңилдик берилген рецепттер, бул 23 %ды түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

ММК Фондунун 2025-жылдын 21-октябрындагы №75 жана 2025-жылдын 3-декабрындагы №151 буйруктарынын негизинде, Мамлекеттик кепилдик программасына ылайык кошумча пакет (МКП) боюнча дарыкана уюмдары аркылуу оорулуулардын жеңилдетилген категориясын амбулаториялык деңгээлде дары-дармек менен камсыз кылуу үчүн берилген дарылардын туура берилиши боюнча ички көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы боюнча аудитке берилген маалыматтарга ылайык, ММК фонду тарабынан 2025-жылы жалпы 6068 берилген рецепттен 4611,3 миң сомго негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөндүгү аныкталган, анын ичинен, 3338,1 миң сом калыбына келтирилген. Саламаттык сактоо уюмдарында негизсиз төлөмдөрдүн көлөмдүү бөлүгү Жалал-Абад областы боюнча 1751 рецепт 2 374,9 миң сомго жана Ысык-Көл областы боюнча 2323 рецепт 1 194,3 миң сомго жүргүзүлгөн. Жалал-Абад областы боюнча 1273,2 миң сом ордуна коюлган эмес.

**Сунуштама**

ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан мамлекеттик кепилдиктер программасы (МКП) боюнча амбулаториялык деңгээлде жана жарандардын айрым категорияларына жеңилдетилген даары-дармектер менен камсыз кылууда каражаттарды негизсиз чыгымдоолорго жол берилбесин.

Жалал-Абад областы боюнча 1273,2 миң сомго рецепттер боюнча негизсиз төлөмдөрдү ордуна коюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистери боюнча маалыматтар**

“Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-главасынын 8-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары; башка адамдар: Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү; чет өлкөлүк жарандар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан жана иштеп жаткан чет өлкөлүк адамдар; жарандыгы жок адамдар, качкындар жана Кыргыз Республикасында башпаанек издеген адамдар; кайрылмандар милдеттүү медициналык камсыздандырылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдарды милдеттүү медициналык камсыздандырууга камтуу боюнча чаралар аныкталган жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы № 2146/1 "Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө" буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто окуу жайларынын жетекчилерине Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттерди милдеттүү медициналык камсыздандыруу жүктөлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №597 "Кыргыз Республикасындагы жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында окуган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана чет өлкөлүк адамдар ММК боюнча камсыздандыруу статусун алууга милдеттүү.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруудан жаран баш тарткан учурда, кандай иш-чаралар жүргүзүлө тургандыгы тууралуу конкреттүү иштер каралган эмес.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (https://stat.gov.kg/kg/) расмий сайтынын маалыматы боюнча 2025-жылы Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандардын саны 17965 адамды түзгөн жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында статистика комитетинин маалыматы боюнча 2025-жылы 37 598 чет өлкөлүк студенттер билим алышкан.

Белгилей кетчү жагдай, чет өлкөлүк студенттерди ММК полистери менен камтууну камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин планын аткаруу максатында ММК фонду, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары менен 39 647 чет өлкөлүк студенттерди камсыздандырууга 89 келишим түзүшкөн.

Чет өлкөлүк студенттерге ММК полисин сатуу боюнча ЖОЖ менен түзүлгөн келишимдин аткарылышы төмөндөгүдөй:

-Бишкек шаары боюнча келишим 20512 студентке түзүлсө, ММК полисин сатып алган студенттер 16592 түзгөн, же 3920 студент ММК полисин сатып алган эмес, натыйжада ММК фондуна кошумча 46687,2 мин сом киреше түшпөй (3920 камсыздандырылбаган Кыргыз Республикасынын жарандары х 11910), ММК Фондунун бюджетинин жоготууларын түзгөн.

Ошондой, эле чет элдик жарандардын (студенттерден сырткары) 2025-жылда катталганы 17965 жаранды түзүп, полис сатып алганы 5653 жаранды түзгөн, ал эми полис сатып албаган 12312 жарандардын эсебинен ММК фондун 146 635,9 мин сомго бюджетинин кирешесинин жоготуусун түзгөн.

2025-жылдан чет элдик жарандарга ММК фондунун полисин сатылып алынбагандыгына байланыштуу, жалпы **193 323,1 миң сомго** ММК фондунун бюджетинин кирешесинин жоготуусун түзгөн.

Кыргыз Республикасынын милдеттүү медициналык камсыздандырууда Форма-7 ОМС-Бюджет “Катталган жарандардын саны жөнүндө” отчетуна ылайык камсыздандырылбаган жарандардын саны 1 705,4 миң адамды түзөт. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин сатып алышса, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркын 1840 сом өлчөмүндө эсептөөнүн негизинде (Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1 календардык жылга) ММК фондуна эсептешүү боюнча кошумча 3 137 900 миң сом каражаттар түшмөк (1 705 381 камсыздандырылбаган Кыргыз Республикасынын жарандары х 1840).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруунун болушу жана республиканын жарандарын милдеттүү медициналык камсыздандыруунун оптималдуу камтылышы принцибине жетишүү максатында, Кыргыз Республикасында жарандарды өзгөчө учурларда, үй-бүлөлүк дарыгерге каттоо, ошондой эле, милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча медициналык камсыздандыруусу жок адамга, медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүү жана дары-дармек менен камсыздоо, милдеттүү медициналык камсыздандыруу статусунун сөзсүз түрдө болушу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын окуу жайларында окуган студенттерге ММК полисинин  сатылышы боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын андан ары өнүктүрүү, сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-декабрындагы №1176-т тескемеси менен 2026-2028-жылдарга Милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү боюнча жол картасын, анын ичинен:

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен туруктуу камтуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- Медициналык жардамдардын сапатын контролдоону камсыз кылуу;
- Санариптик сервистерди киргизүүнү аткаруу боюнча конкреттүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары жана мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын кошумча төлөмдөрүнүн каражаттарын төлөөнү, кайтаруунун, пайдалануунун, эсепке алуунун жана

отчеттуулуктун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдары алуучу каражаттарды пайдалануу жөнүндө” жобонун 24-пунктуна ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары жана мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын кошумча төлөмдөрү төмөнкүлөргө багытталат:

1) 20 %га чейин кошумча эмгек акыга, анын ичинде социалдык чегерүүлөргө;

2) 80 %дан кем эмеси дарылоо-диагностикалык процесске жана бейтаптардын тамак-ашына байланышкан иш-чараларга, медициналык жабдууларга жана бейтаптардын саламаттык сактоо уюмдарында болуу шарттарын түзүү үчүн башка чыгымдарга, буга жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдар кирбейт.

Бирок, Улуттук госпиталы тарабынан жогоруда аталган Жобонун 24-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарына шайкеш келбестен, кошумча төлөм каражаттарынын эсебинен коммуналдык кызматтарга **1 304,6 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама**

Саламаттык сактоо уюмдарында каражаттарды пайдаланууда чыгымдардын белгиленген ченемдик катышынын сакталуусун камсыз кылуу, каражаттарды пландаштырууда жана пайдаланууда четтөөгө алып келген чыгымдардын себебин талдап, аныкталган кемчиликтер боюнча иш-чаралар көрүлсүн жана четтөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Эмгек акы төлөмдөрү жана штаттык бирдиктерди кармоо боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 35-беренесин бузуу менен медициналык кызматкерлер айкалыштырып иштөө, жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө (1,5 ставкалык жүктөмдөн ашык), түнкү жүктөмдөрдө кошумча жана мезгилдүү жумуштар үчүн (от жагуучу) төлөмдөр жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору -9,8 миң сом, Айдаркен ЖДПБсы -1374,7 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 3-бөлүмүнүн жана 4, 38-пункттарын бузуу менен эмгек келишимдеринин негизинде (табель толтурулбастан) ашыкча төлөмдөр, эмгек коэффициенттерин туура эмес аныктоо аркылуу эсептелген негизсиз төлөмдөр аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. №9 үй-бүлөлүк медицина борбору -18,2 миң сом, Бишкек ш. №2 Төрөт үйү -33,5 миң сом,

Кыргыз Темир жолу ооруканасы -86,3 миң сом, Улуттук госпиталы -1 094,5 миң сом, Ош облустар аралык тери-венерологиялык борбору -7,6 миң сом, Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борбору - 5,2 миң сом, Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борбору -178,9 миң сом, Нарын облустук бириктирилген ооруканасы -15,3 миң сом.

Эмгек акыга негизсиз кошумча төлөмдөр жалпы **3124,0 мин сомду** түзгөн.

**Сунуштама**

Саламаттыкты сактоо уюмдарында эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун шарттарына ылайык келтирилсин жана эмгек акы төлөө шарттарын сактабаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 3-пунктунун талаптарына шайкеш келбеген учурда төлөмдөр Баткен аймактык башкармалыгында 56,2 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

ММК фондунун Баткен аймактык башкармалыгында үстөк акы төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №263 токтомунун негизинде жүргүзүлсүн.

Негизсиз төлөнгөн 56,2 миң сомду ордуна коюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Товардык-материалдык баалуулуктар, запастар, негизги каражаттар жана мүлктөр боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 143-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, имараттын маанилүү конструктивдүү элементтеринин өзгөрүшүнө байланыштуу имараттын баштапкы баасына кошуу менен чыгымдарга капитализациялоо жүргүзүлгөн эмес, жалпы суммасы **35 204,1 мин сомду** түзөт, төмөндөгү мекемелерде:

- Ош шаарынын №1 үй-бүлөлүк медицина борбору - 6 887,3 миң сом, Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борбору -527,1 миң сом, Сокулук

райондук ЖДПБсы - 6 976,6 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору -20 813,1 миң сом.

**Сунуштама**

Капиталдык оңдоо иштеринде имараттын ишин сапаттуу өзгөртүүгө алып келген, же имараттын маанилүү конструктивдүү элементтери өзгөргөн учурда, аталган Жобого ылайык, чыгымдарды капитализациялоону өз убагында жүргүзүү көзөмөлдөнсүн.

Капиталдык оңдоодон өткөн негизги каражаттардын баланстык наркы тийиштүү эсептеринде көбөйтүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Ош шаарынын №1 үй-бүлөлүк медицина борбору -6 887,3 миң сом, Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борбору - 527,1 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБсы -6 976,6 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору -20 813,1 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарына шайкеш келбеген учурда чыгымдар жүргүзүлгөн, төмөндөгү уюмдарда:

-Кемин ш. Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасы тарабынан жууркан төшөк, жаздыктар 2223 “Кийим буюмдарын жана башка формаларды жана атайын жабдууларды сатып алуу, тигүү жана оңдоо” беренеси боюнча сатып алуу каралса, 2025-жылы планда каралбаган 3112 “Машинелер жана жабдуулар” беренесинен 1 020,1 миң сомго сатып алууларды жүргүзүлгөн;

“Мүлктөргө кезектеги оңдоо үчүн сарпталуучу чыгымдар” беренесинен эсебинен негизги каражаттар 1 215,0 миң сомго сатылып алынган;

-Бишкек ш. №3 үй-бүлөлүк медицина борборунда, жумшак инвентарлар 2223 “Кийим буюмдарын жана башка формаларды жана атайын жабдууларды сатып алуу, тигүү жана оңдоо” беренесинен чыгымдалбай 1231,2 миң сомго планда каралбаган 2222 “Учурдагы максаттар үчүн материалдарды жана предметтерди сатып алуу” беренеси боюнча инвентарлар сатылып алынган.

**Сунуштама**

Сатып алууларга бухгалтердик эсепте тиешелүү оңдоп-түзөө жүгүртүүлөрү аткарылып, ТМБ жана негизги каражаттар бухгалтердик эсептеринде кириштелсин, төмөндөгү мекемелерде: -Кемин шаарындагы Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасында – 2 231,1 миң сом, Бишкек ш. №3 үй-бүлөлүк медицина борбору боюнча - 1 231,2 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Бюджеттик классификациясын бузуу менен, 3112 ”Машина жана жабдуулар” беренеси боюнча сатып алууга каралган жабдуулар жана эмеректер 2222 “Учурдагы максаттар үчүн материалдарды жана предметтерди сатып алуу” беренеси боюнча сатып алууга чыгымдалган.

Мындан сырткары, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 187-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен эмеректер жана жабдуулар негизги каражат катары балантска алынган эмес, жалпы суммасы **38 093,4 миң сомду** түзөт, төмөндөгү мекемелерде: -Ош шаардык клиникалык ооруканасы боюнча -297,0 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы -1748,2 миң сом, Кызыл-Кыя ЖДПБсы -991,4 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы -17 660,6 миң сом, Нарын облустук үй-бүлөлүк медициналык борбору -1364,2 миң сом, Нарын облустук бириктирилген ооруканасы - 271,5 миң сом, Ат-Башы районунун ЖДПБсы - 4281,7 миң сом, Ак-Талаа районунун ЖДПБсы - 6 009,6 миң сом, Кочкор районунун ЖДПБсы - 2632,6 миң сом (жогоруда белгиленген мекемелерде аудит учурунда эсепке алынды).

**Сунуштама**

ММК Фондунун каражаттарынын чыгымдары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген бюджеттик классификациясына ылайык жүргүзүлсүн.

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндөгү” жобонун негизги каражаттарды эсепке алуу бөлүгүнүн ченемдерине ылайык, өз убагында жана толук эсепке алынышы көзөмөлдөнсүн жана негизги каражаттар эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. №8 үй-бүлөлүк медицина борбору - 892,3 миң сом жана Бишкек ш. №12 үй-бүлөлүк медицина борбору -1 944,3 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун:

“Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктун бузуу менен, инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

- товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги – 328,0 миң сомго аныкталган (аудит учурунда 218,2 миң сом ордуна коюлган), төмөндөгү мекемелерде: - Өзгөн райондор аралык ЖДПБсы - 3,8 миң сом, Куршаб ЖДПБсы - 9,4 миң сом, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы - 10,8 миң сом, Алай райондук ЖДПБсы -3,5 миң сом, Чоң-Алай райондук ЖДПБсы - 6,7 миң сом, Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борбору -10,3 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы - 4,8 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы - 2,7 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы - 18,3 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы - 29,5 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБсы - 4,9 миң сом, Улуттук госпиталы -19,4 миң сом, Улуттук онкология жана

гематология борбору - 2,7 миң сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 3,7 миң сом, Медициналык тез жардам шаардык балдар клиникалык ооруканасы -1,1 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБсы - 91,5 миң сом (жогоруда белгиленген уюмдарда ордуна коюлган), Тогуз-Торо райондук ЖДПБсы - 5,4 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБсы - 10,4 миң сом, Сузак районунун Октябрь айылдык ЖДПБсы - 14,7 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБсы - 7,3 миң сом, Көк-Жаңгак ЖДПБсы - 5,6 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы - 3,6 миң сом, Сузак райондук аймактык ооруканасы - 3,6 миң сом, Жалал-Абад областтык балдар клиникалык ооруканасы - 28,1 миң сом, Айдаркен шаарчасындагы ЖДПБсы - 2,3 мин сом, Кадамжай райондук ЖДПБсы - 23,9 миң сом;

-товардык материалдык баалуулуктардын ашык чыгуусу - 36,1 миң сомго аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: Өзгөн райондор аралык ЖДПБсы - 7,3 миң сом, Куршаб ЖДПБсы - 6,5 миң сом, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы - 2,5 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы - 0,7 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы - 1,2 миң сом, Кадам-Жай райондук ЖДПБсы - 17,9 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун "Активдерди жана финансылык милдеттенмелерди инвентаризациялоо" бөлүмүнүн ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын.

Товардык-материалдык баалуулуктарынын жетишпестигине жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Аныкталган товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Токтогул райондук ЖДПБсы - 4,9 миң сом, Тогуз-Торо райондук ЖДПБсы - 5,4 миң сомдук, Ноокен райондук ЖДПБсы - 10,4 миң сом, Сузак районунун Октябрь айылдык ЖДПБсы - 14,7 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБсы - 7,3 миң сом, Көк-Жангак ЖДПБсы - 5,6 миң сом, Жалал-Абад областык клиникалык ооруканасы - 3,6 миң сом, Сузак райондук аймактык ооруканасы - 3,6 миң сом, Жалал-Абад областтык балдар клиникалык ооруканасы - 28,1 миң сом, Айдаркен шаарчасындагы ЖДПБсы -2,3 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБсы - 23,9 миң сом.

36,1 миң сом товардык материалдык баалуулуктардын ашык чыгуусу эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: Өзгөн райондор аралык ЖДПБсынан -7,3 миң сом, Куршаб ЖДПБсы - 6,5 миң сом, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы - 2,5 ми миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы -0,7 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы -1,2 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБсы - 17,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Аталган Жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүн” бузуу менен, күйүүчү майлардын чыгымдалгандыгы боюнча жол баракчаларынын жок экендигине карабастан, күйүүчү майлар бухгалтердик эсептен негизсиз 94,3 миң сомго чыгышталган, төмөндөгү мекемелерде: -Куршаб ЖДПБсы -4,4 миң сом (аудит убагында ордуна коюлду), Жумгал районунун ЖДПБсы -17,6 миң сом, Ак-Талаа районунун ЖДПБсы- 72,3 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Чыгымдарды тастыктаган баштапкы документтерисиз КММ эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Чыгымдарды тастыктаган баштапкы документтерисиз КММ чыгышталган 89,9 миң сом ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Жумгал районунун ЖДПБсы -17,6 миң сом, Ак-Талаа районунун ЖДПБсы- 72,3 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Улуттук госпиталда  дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды сатып алуу жана кабыл алуу боюнча баштапкы эсепке алуу документтерин өз убагында тариздөө жана түзүлгөн кредитордук карызды бухгалтердик эсепте чагылдыруу камсыз кылынган эмес.

Инвентаризациянын жыйынтыгы менен бухгалтердик эсепте чагылдырылбаган **22062,2 миң сом** суммасындагы дары каражаттары жана медициналык буюмдар, кампага өз убагында кириштелбестен, бухгалтердик эсеп менен айырманы түзгөн. Аудит убагында бухгалтердик эсепке кириштелди.

**Сунуштама**

Улуттук госпиталда бухгалтердик эсеп менен кампа эсебинин шайкештигин камсыз кылуу, материалдык баалуулуктардын жүгүртүлүшүн өз убагында эсепке алуу, ай сайын салыштыруу жүргүзүү жана ички көзөмөл күчөтүлүп, айырмачылыктардын келип чыгышына жол берилбесин.

ТМБны өз убагында эсепке албаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдар жана белгиленген лимиттердин аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык Сактоо министрлигинин №912 “2025-2026-жылдарга карата саламаттык сактоо уюмдары үчүн жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, 2025-жылга коммуналдык чыгымдарга керектөө чеги боюнча иш жүргүзүлгөн.

**Талас облустук реабилитация жана дарылоо ооруканасында** 2025-жылга электр энергиясына белгиленген лимиттен 81,9 мин сомго ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама**

Коммуналдык чыгымдар белгиленген лимит боюнча жүргүзүлсүн жана ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 7-главасынын "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, Сокулук районунун ЖДПБсында бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн 2025-жылдын 31-декабрына карата **215,2 миң сом** дебитордук карыз аныкталган.

Бишкек ш. №6 үй-бүлөлүк медицина борборунда аталган Жобонун 302-пунктуна шайкеш келбестен, 2020-жылга түзүлгөн мөөнөтү өткөн дебитордук карыз 4,9 миң сом суммасында аныкталган (аудит учурунда 4,9 миң сом калыбына келтирилди).

**Сунуштама**

"Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобого ылайык, дебитордук карыздарды өз убагында эсепке алуу жана толук көрсөтүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен 215,2 миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте көрсөтүлсүн.

**Кошумча төлөм каражаттарынын түзүлүшү жана пайдаланышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Улуттук госпиталдын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген, "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын" 1-тиркемесинин 4-пунктуна ылайык, Шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам бардык жарандарга дары каражаттары жана медициналык буюмдар менен камсыздоону кошуп алганда, пациенттин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган абалдан чыгарылганга чейин акысыз көрсөтүлөт.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтомдун 1-тиркемесинин 4-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик органдардын

жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” Бирдиктүү реестринин 2-главасынын “Медициналык кызмат көрсөтүүлөр” бөлүгүнүн 6 жана 7-пункттарынын талаптарын бузуу менен, шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам бардык жарандарга дары каражаттары жана медициналык буюмдар менен акысыз көрсөтүлбөстөн, кошумча акы талап кылынган. Тактап айтканда, кошумча акы лабораториялык изилдөөлөргө 1 144,9 миң сом, 1 суткадан ашыкча керебет күнгө - 125,5 миң сом, рентген изилдөөлөрүнө 5 193,6 миң сом, жалпы **6 486,7 миң сом** киреше негизсиз алынган.

Аудит учурунда 2026-жылдын 12-июнунун №381 төлөө тапшырмасынын негизинде 6486,7 миң сом бюджетке которулду.

**Сунуштама**

Шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам берүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын” талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

Шашылыш жана кечиктирилгис медициналык жардам боюнча кайрылган жарандардан негизсиз төлөм каражаттарын алууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Командировкалык чыгымдар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен, жалпы 131,1 миң сом ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Ала-Бука райондук ЖДПБсы - 39,6 миң сом ордуна коюлду, Чаткал райондук ЖДПБсы -48,1 миң сом, Нарын облустук бириктирилген ооруканасында -10,3 миң сом, Ак-Талаа районунун ЖДПБсы -33,1 миң сом.

**Сунуштама**

Командировкалык чыгымдарды төлөө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомго ылайык жүргүзүлсүн.

Аныкталган ашыкча төлөмдөр ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Чаткал райондук ЖДПБсы - 48,1 миң сом, Нарын облустук бириктирилген ооруканасы - 10,3 миң сом, Ак-Талаа районунун ЖДПБсы - 33,1 миң сом.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө” жобонун 81-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесин бузуу менен, мүлктөрдү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине Кулунду айылынын ЖДПБсы тарабынан 46,8 миң сом которулган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, республикалык бюджеттин карамагындагы мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешелердин үлүшүнө ылайык келген 46,8 миң сом суммасындагы каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине которууну камсыз кылсын.

**Бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы уюмдар тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптары сакталбастан, жалпы 1428,9 миң сом суммасында киреше салыгына жана социалдык төлөмдөргө ашыкча которууга жол берилип, дебитордук карыздар түзүлгөн, анын ичинен: киреше салыгы боюнча Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борбору -19,6 миң сом, социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борбору - 763,2 миң сом, Самаркандек ЖДПБсы - 646,1 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы уюмдар тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарына ылайык, киреше салыгына жана социалдык төлөмдөргө ашыкча төлөнгөн каражаттарга эсептешүүлөр жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: - Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борборунда киреше салыгынан 19,6 миң сом жана социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүнөн 763,2 миң сом, жалпысынан 782,8 миң сом, жана Самаркандек ЖДПБсында социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүнө 646,1 миң сом.

Аталган Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын ченемдерин бузуу менен, иш жүзүндө чыгашалар түзүлбөстөн туруп, алдын ала которууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Панфилов районунун ЖДПБсында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесин бузуу менен кызматкерлерге кошумча эмгек акы эсептөөдө 46,6 миң сом өлчөмүндө киреше салыгы кармалбай, салыктык милдеттенмелер аткарылган эмес.

Панфилов районунун ЖДПБсында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы №729 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен кызматкерлерден социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү (8%) жана пенсиялык топтоо фондунун төгүмдөрү кармалбай, 51,6 миң сом тиешелүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына маалымдоо менен,** Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Панфилов районунун ЖДПБсында 46,6 миң сом киреше салыгы тиешелүү бюджетке которулсун.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы №729 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, 51,6 миң сом милдеттүү төлөмдөр тиешелүү бюджетке которулсун.

**Бюджеттин резервдери жана жоготуулары**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2017-жылдын 21-августундагы №746 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында стационардык дарылоодо тамактанууну уюштуруу” жобонун талаптары сакталбастан, керебет-күндөр боюнча отчёттук маалыматтар менен иш жүзүндө түзгөн керебет-күндөрү шайкеш келбестен, жалпы **334,6 миң сомго** тамак-аш азыктары ашыкча чыгымдалып жоготууну түзгөн, анын ичинен: Куршаб ЖДПБсы - 320,8 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБсы -13,8 миң сом.

Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы 2025-жылы койка-күндөрүнүн иш жүзүндөгү саны бюджеттик каражаттардын эсебинен 139485 түзгөн. Тамак-аш азыктарына чыгымдар 14651,5 миң сомго аткарылган, план боюнча 13 903,8 миң сомду түзгөн. Иш жүзүндөгү тамактануу боюнча 1 койка-күндүн наркы 2025-жылы 102,2 сом болсо, план боюнча 99,7 сомду түзгөн, айырмасы 2,5 сом, же 2025-жылдын иш

жүзүндөгү тамактануу боюнча чыгашалары боюнча ашыкча чыгымы **348,7 миң сомду** (139 485*2,5 сом) түзгөн.

Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасында аудиттин жүрүшүндө белгилүү болгондой, стационар боюнча дары-дармектин иш жүзүндө бекитилген планга караганда ашыкча чыгымдалышы 684,3 миң сомду түзгөн.

Бул көрсөткүчтөр дары-дармек каражаттарын пландаштыруу жана пайдалануу боюнча эсептөөлөрдүн жетишсиздигин көрсөтөт.

**Сунуштама**

Тамактанууну уюштурууда тамак-аш азыктарынын ашыкча чыгымдалышына жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Дары-дармек каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын камсыз кылуу боюнча талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн жана каражаттар рационалдуу, натыйжалуу пайдаланылсын.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2017-жылдын 21-августундагы №746 буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында стационардык дарылоодо тамактанууну уюштуруу” жобосунун ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Куршаб жалпы дарыгерлер практика борбору, Сокулук райондук ЖДПБсы жана Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит белгилегендей, саламаттык сактоо уюмдарынын дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды кампаларда сактоо каражаттардын олуттуу, сарамжалсыз пайдаланылышына алып келет жана дары-дармек каражаттарынын муктаждыкты талдабастан сатылып алынгандыгын аныктайт, жана тиешелүү деңгээлде көзөмөлдүн жоктугун билдирет.

2025-жылдын 1-январына карата саламаттык сактоо уюмдары боюнча дарыкана кампаларында сактоо мөөнөтү бүткөн, колдонуу максатына жетпей калган, керексиз жалпы **3928,3** миң сомдук *(Ковид пандемиясынан калган калдыктар)* дары-дармектердин жана медициналык буюмдардын калдыгы аныкталган, анын ичинде: Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы - 2780,6 миң сом, Араван райондук ЖДПБсы - 163,1 миң сом, Ак-Суу райондук ЖДПБсы - 3,2 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы -32,3 миң сом, Чүй облусунун ЖДПБсы – 152,1 миң сом; Айтматов районунун ЖДПБсы – 662,5 миң сом; Талас районунун ЖДПБсы – 134,5 миң сом (2025-жылы утилизация болгон).

**Сунуштама**

Дары-дармек каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын камсыз кылуу боюнча талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн жана каражаттар рационалдуу, натыйжалуу пайдаланылсын.

Дары-дармектерди сактоо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-декабрындагы №759 токтому менен бекитилген, Дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сактоо эрежелеринин 15-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн жана мөөнөтү өткөн дары-дармектерди жана медициналык буюмдардын калдыгын ченемдик укуктук актыларга ылайык эсептен чыгаруу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы - 2780,6 миң сом, Араван райондук ЖДПБсы -163,1 миң сом, Ак-Суу райондук ЖДПБсы -3,2 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы -32,3 миң сом, Чүй облусунун ЖДПБсы – 152,1 миң сом; Айтматов районунун ЖДПБсы – 662,5 миң сом.

**Бюджеттик төлөмдөр, туумдар жана айыптар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген, "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3-пунктунда белгиленген сактоо мөөнөттөрү аяктагандан кийин, депозиттик эсебинде 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталган талап кылынбаган каражаттар **466,4 миң сомду түзгөн,** төмөндөгү мекемелерде: Жалал-Абад облустук ҮМБсы - 11,8 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБсы - 110,8 миң сом (ордуна коюлду), Чүй облусунун ЖДПБсы - 18,2 миң сом, Кемин районунун ЖДПБсы - 6,5 миң сом, Чүй районунун ЖДПБсы - 31,6 миң сом, Э.Х. Акрамов атындагы Чүй облустук бириккен ооруканасы - 5,8 миң сом, Талас шаарынын ҮМБсы - 52,9 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борбору - 205,9 миң сом, Медициналык тез жардам шаардык балдар клиникалык ооруканасы - 22,9 миң сом, Бишкек ш. №10 үй-бүлөлүк медицина борбору -18,0 миң сом (ордуна коюлду).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген, "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык, депозиттик эсептерде 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталган каражаттарды тиешелүү бюджеттин кирешесине которуу камсыздалсын.

Депозиттик эсептердеги талап кылынбаган каражаттар тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: Жалал-Абад облустук ҮМБсы - 11,8 миң сом, Чүй облусунун ЖДПБсы - 18,2 миң сом, Кемин районунун ЖДПБсы - 6,5 миң сом, Чүй районунун ЖДПБсы - 31,6 миң сом, Э.Х. Акрамов атындагы Чүй облустук бириккен ооруканасы - 5,8 миң сом, Талас шаарынын ҮМБсы - 52,9 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо

улуттук борбору - 205,9 миң сом, Медициналык тез жардам шаардык балдар клиникалык ооруканасы - 22,9 миң сом.

**Курулуш-куроо жана оңдоо иштеринин аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

2025-жылдын 1-январынан 2025-жылдын 31-декабрына карата аткарылган капиталдык курулуш жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында ММК фондунун каражаттарынын эсебинен каржыланган жумуштардын көлөмүн жана наркын жалпы **380,1 миң сомго** негизсиз жогорулатуулар аныкталган, анын ичинде: *Сокулук районунун ЖДПБсы боюнча* - 207,1 миң сом (подрядчылар “Мирбек Строй” ЖЧКсы - 105,7 миң сом жана “Компания Империум” ЖЧКсы - 101,4 миң сом), *Бишкек шаарынын №1 Үй-бүлөлүк медицина борбору* - 39,2 миң сом (подрядчылар “Альфа Транслейшн” ЖЧКсы -29,5 миң сом, “Евразия Строй” ЖЧКсы - 9,7 миң сом), *Бишкек шаарынын №4 Үй-бүлөлүк медицина борбору* - 15,2 миң сом (подрядчылар Кыргыз Республикалык Майыптар коому - 5,0 миң сом, ЖИ Тулебердиева Т. - 10,2 миң сом), *Ош шаардык шаардык №2 ҮМБ* – 118,6 миң сом (подрядчы “СК Бирикдик” ЖЧКсы). Мындан тышкары, Ош шаардык №2 Үй-бүлөлүк медицина борбору боюнча подрядчы “СК Бирикдик” ЖЧКсы тарабынан курулуш-оңдоо иштерин аткаруунун келишимде белгиленген мөөнөттөрү сакталбагандыгына байланыштуу, келишимдин шарттарына ылайык 46,7 миң сом өлчөмүндө айып пул эсептелген.

**Сунуштама**

380,1 миң сом суммасында негизсиз жогорулатылган аткарылган иштердин көлөмүн жана наркын подрядчылардан калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинен: *Сокулук районунун ЖДПБсы боюнча*– 207,1 миң сом, *Бишкек шаарынын №1 Үй-бүлөлүк медицина борбору* - 39,2 миң сом, *Бишкек шаарынын №4 Үй-бүлөлүк медицина борбору* - 15,2 миң сом, *Ош шаардык шаардык №2 ҮМБ* – 118,6 миң сом.

*Ош шаардык №2 Үй-бүлөлүк медицина борбору* курулуш-оңдоо иштерин аткаруу мөөнөттөрүнүн келишимдик шарттарда белгиленген графиктен кечиктирилгендигине байланыштуу, “СК Бирикдик” ЖЧКсына эсептелген 46,7 миң сом өлчөмүндөгү айып пулду өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин 7-пунктуна ылайык, Контракт түзүлгөндөн кийин сатып алуулар планында камтылган өзгөчө кырдаалдарды, форс-мажордук жагдайларды, аварияга байланышкан учурларды кошпогондо, сатып алуулар планында (сатып алуулардын такталган жылдык планында) каралбаган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана

консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт. Аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталында Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун каражаттарынын эсебинен планында каралбаган **7 034,6 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Улуттук госпиталда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы камсыздалсын жана сатып алуу планында каралбаган товарларга, жумуштарга жана кызмат акыларга сатып алууларды жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасынын талаптары сакталбастан, 20%дан ашык 610,4 миң сомго алдын ала төлөмдөр жүргүзүү орун алган, төмөндөгү мекемелерде: Ош облустар аралык тери-венерологиялык борбору - 77,3 миң сомго, Бишкек ш. №6 үй-бүлөлүк медицина борбору - 280,2 миң сомго, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы - 49,7 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасынын талаптарын сактабаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана негизсиз аванстык төлөмдөрдү котоорууга жол берүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун бузуу менен, ар бир чыгымдар беренесинен 200 000 сомдон ашкан сатып алуулар жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. №12 үй-бүлөлүк медицина борбору - 65,4 миң сом, Бишкек ш. №13 үй-бүлөлүк медицина борбору - 837,1 миң сом, Айтматов районунун ЖДПБсы -904,7 миң сом, Аламүдүн районунун Арашан айылынын ЖДПБсы - 106,9 миң сом, жалпы **1914,1 миң сом** суммасында.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын жүргүзүлүшүнө көзөмөл күчөтүлсүн.

Мамлекеттик сатып алууларга жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чаралар жүргүзүлсүн жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесине ылайык, мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган конкурстун өзгөчө шарттарында товар кечиктирилгендиги үчүн жеткирүүчү жоопкерчилик тартат жана сатып алуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт, эң көп айып пул келишимдин суммасынан 5,0%. Иш жүзүндө жеткирүүчүлөр тараптан конкурста көрсөтүлгөн тартип сакталбаган, жыйынтыгында товарлар жана кызматтар көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, сатып алуучу уюмдун, жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн берүүчүлөргө айып санкциясын колдонууга укуктуу, иш жүзүндө сатып алуучу уюм тарабынан жалпы **308,6 миң сомго** туум төлөмдөрү талап кылынган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Ош шаарынын №1 үй-бүлөлүк медицина борбору - 47,2 миң сом (ордуна коюлду), Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ош аймактык башкармалыгы - 14,8 миң сом, Бишкек ш. №9 үй-бүлөлүк медицина борбору - 53,2 миң сом, Бишкек ш. №1 Төрөт үйү - 6,1 миң сом, Бишкек шаардык №2 Төрөт үйү - 59,3 миң сом, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору - 113,5 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору - 6,9 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы - 7,5 миң сом (ордуна коюлду).

**Сунуштама**

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери жана сатып алуулар порталында жайгаштырылган конкурстун өзгөчө шарттары жана түзүлгөн келишимдердин жеткирүү мөөнөттөрү так аткарылсын.

Аткаруучулардын эсебинен жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн, орточо эсеп менен туум төлөмдөрү 253,9 мин сомду талап кылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ош аймактык башкармалыгы - 14,8 миң сом, Бишкек ш. №9 үй-бүлөлүк медицина борбору - 53,2 миң сом, Бишкек ш. №1 Төрөт үйү - 6,1 миң сом, Бишкек ш. №2 Төрөт үйү - 59,3 миң сом, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору -113,5 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору -6,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 12-пунктчасында “Майыптардын саны кызматкерлердин санынын 50 пайызынан кем эмесин түзгөн майыптардын коомдук бирикмелери тарабынан түзүлгөн уюмдардан

товарларды монополияга каршы орган белгилеген баалар боюнча сатып алууда, сатып алуучу уюм бир булактан сатып алуу усулун колдонууга укуктуу” деп берилген.

Бирок, Улуттук онкология жана гематология борбору аталган Мыйзамдын талаптарын бузуу менен, бир булактан сатып алуу усулун колдонууда, тактап айтканда, майыптардын коомдук бирикмелери тарабынан түзүлгөн уюмдардан товарларды эле эмес, кызматтарды да сатып алуу жүргүзгөн. Атап айтканда, “Помощь инвалидам КейДжи” коомдук бирикмеси 867,2 миң сомго пластикалык эшик-терезелерди монтаждоо иштерин бир булактан сатып алуу усулу аркылуу келишимдер түзүлүп, каражаттар төлөнүп берилген. Жыйынтыгында, 2221 “Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренесинен 867,2 миң сомго майыптардын коомдук бирикмеси тарабынан оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 12-пунктчасында белгиленген ченемдердин аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине шайкеш келбестен, кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлбөстөн туруп, **1909,2 миң сомдук** сатып алууларды жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Мырза-Аке ЖДПБсы - 273,3 миң сом, Кара-Суу районунун үй-бүлөлүк медицина борбору - 626,2 миң сом, Алай райондук ЖДПБсы - 626,2 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы - 384,2 мин сом.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзгөн саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча жоопту кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесин бузуу менен, контрактты аткаруулар кепилдик камсыздоосуз жүргүзүлүп, жыйынтыгында **7307,2 миң сом** депозиттик эсептерге түшкөн эмес, төмөндөгү мекемелерде: Ноокат райондук ҮМБсында - 2214,3 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсында - 669,0 миң сом, Ош облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунда - 1022,2 миң сом, Тогуз-Торо райондук ЖДПБсында - 383,9 миң сом, Сузак райондук ҮМБсында - 1732,5 миң сом, Р.Г. Бауэр атындагы Жалал-Абад облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунда - 52,8 миң сом, Нарын облустук

бириктирилген ооруканасы - 699,2 миң сом. Бишкек шаарынын №2 үй-бүлөлүк медицина борбору - 533,3 миң сом.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесине ылайык, сатып алуу келишимин аткарууда кепилдикти камсыздоо талап кылынсын, кепилдикти талап кылбастан сатып алууларды жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Ноокат райондук үй-бүлөлүк медицина борбору, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы, Ош облустук кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Тогуз-Тороо райондук ЖДПБсы, Сузак райондук үй-бүлөлүк медицина борбору, Р.Г. Бауэр атындагы Жалал-Абад облустук кургак учукка каршы күрөшүү борбору.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 165-т тескемесинин талаптары сакталбастан, товардык-материалдык баалуулуктарды жалпы 311,0 миң сомго жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн эмес, башка чарбакер субъекттерден сатылып алынган, Чүй облусунун ЖДПБсында 4,0 миң сомго жана Э.Х. Акрамов атындагы Чүй облустук бириккен ооруканасында 307,0 миң сомго.

**Сунуштама**

Жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү колдоо жана бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу максатында, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 165-т тескемесинин ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Чүй облусунун ЖДПБсы жана Э.Х.Акрамов атындагы Чүй облустук бириккен ооруканасы.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-июнундагы №188 "Мамлекеттик финансылык аудитти өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 1-декабрындагы №233-Б "2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу боюнча отчетту түзүү жөнүндө" буйругунун талаптарына ылайык 2025-жылдын 1-январынан тартып министрликтер, ведомстволор, уюмдар, ошондой эле Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу бухгалтердик отчеттуулукту берүү милдеттендирилген, бирок 2025-жылга карата Саламаттык сактоо уюмдарында "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" программасы толук ишке киргизилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-июнундагы №188 "Мамлекеттик финансылык аудитти өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 1-декабрындагы №233-Б "2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу боюнча отчетту түзүү жөнүндө" буйругу аткарылсын жана "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" программасын толук ишке киргизүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, жалпы 137 958,6 миң сомго накталай төлөмдөрдү кабыл алууга жол берилген, анын ичинен: Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы - 23 945,1 миң сомго, Папан ЖДПБсы - 409,3 миң сомго, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы - 5762,8 миң сомго, Ош облустук клиникалык ооруканасы - 640,6 миң сомго, Ноокат райондук аймактык ооруканасы -3038,8 миң сомго, Ош облустар аралык тери-венерологиялык борборунда -187,1 миң сомго, ММК фондунун Ош аймактык башкармалыгы -18 421,0 миң сомго (полистерди сатуудан), Үч-Коргон ЖДПБсы -3869,7 миң сомго, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору - 24307,9 миң сомго, Медициналык тез жардам шаардык балдар клиникалык ооруканасы -6379,6 миң сомго, Бишкек ш. №12 үй-бүлөлүк медицина борбору -1916,0 миң сомго, Бишкек ш. №13 үй-бүлөлүк медицина борбору - 1725,6 миң сомго, Улуттук онкология жана гематология борбору - 47355,1 миң сомго, Нарын облустук бириктирилген ооруканасы - 560,0 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомуна ылайык, калктан накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген, "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №601 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү

тартибинин тиркемесинин 11-пунктунун талаптары аткарылбастан, 2025-жылга Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан берилген талап кылууларга салыштырмалуу дары-дармек менен камсыз кылуу, жалпы 122 661,9 миң сомго толук аткарылган эмес, анын ичинен төмөндөгү мекемелерге дары-дармектер жеткирилген эмес: Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасына - 750,0 миң сомго, Өзгөн районунун ЖДПБсына - 3094,7 миң сомго, Папан ЖДПБсына - 3989,0 миң сомго, Чоң-Алай райондук ЖДПБсына - 3772,7 миң сомго, Араван райондук ЖПБсына - 5306,9 миң сомго, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсына - 637,7 миң сомго, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасына - 29 086,3 миң сомго, Ноокат райондук аймактык ооруканасына - 2070,0 миң сомго, Ош облустар аралык тери-венерологиялык борборуна - 3640,9 миң сомго, Кызыл-Кыя ЖДПБсына -1777,3 миң сомго, Тогуз-Тороо райондук ЖДПБсына - 163,0 миң сомго, Ноокен райондук ЖДПБсына - 615,1 миң сомго, Сузак райондук ҮМБсына - 110,0 миң сомго, Жүрөк-кантамыр хирургиясынын түштүк регионалдык илимий борборуна -36 724,2 миң сомго, Лейлек райондук ЖДПБсына - 666,8 миң сомго, Чүй облусунун ЖДПБсына – 9 943,7 миң сомго, Талас облустук бириктирилген ооруканасына -7137,9 миң сомго, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борборуна - 1027,2 миң сомго, Республикалык психиатрия жана наркология борборуна - 2083,5 миң сомго, Бишкек ш. №4 үй-бүлөлүк медицина борборуна - 25,5 миң сомго, Бишкек ш. №5 й-бүлөлүк медицина борборуна - 10039,5 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №601 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүүнүн тартибинин талаптарына ылайык, саламаттык сактоо уюмдарын дары-дармек менен толук камсыз кылуу көзөмөлгө алынсын жана тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы №432 “Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук тизмелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, 527 дары-дармектин түрү бекитилген. 2025-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин көрсөтмөсү боюнча тизмедеги дары-дармектер “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы аркылуу борборлоштурулган камсыздоо аркылуу жүргүзүлгөн, тизмедеги дарыларга өз алдынча мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн эмес.

“Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан жашоо үчүн маанилүү дары каражаттары жана медициналык буюмдар менен өз убагында камсыздалган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Токтогул райондук ЖДПБсы - 10332,4 миң сомго (83%), Майлуу-Суу ЖДПБсы - 671,4 миң сомго (94,6%),

Шамалды-Сай шаарчасындагы ЖДПБсы - 671,4 миң сомго (84%), Баткен облустук биргелешкен ооруканасы - 3423,0 миң сомго (84,3%).

**Сунуштама**

“Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы аркылуу Саламаттык сактоо уюмдарын жашоо үчүн маанилүү дары каражаттары жана медициналык буюмдары менен жеткиликтүү камсыз кылуу көзөмөлгө алынсын.

Мамлекеттик ишканада дары-дармектердин жана медициналык буюмдардын жетишсиздиги жаралган учурларда, “Мамлекеттик сатып алуулар” порталы аркылуу атаандаштык негизде сатып алууларга уруксат берүүнү сунуштоо каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №165-т тескемесинин 3-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен каржылануучу мамлекеттик органдар, бюджеттик уюмдар жана мамлекеттик мекемелер, жергиликтүү бюджеттен каржылануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, атайын эсептери жана фонддорунун каражаттары бар уюмдар, ошондой эле мамлекеттик каражаттардын, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн башка юридикалык жактар тизмеде көрсөтүлгөн товарларды бекитилген республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин алкагында бир булактан сатып алуу усулу менен жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн сатып алат. Бирок, 2025-жылы чыгымдардын 2217 “Дары-дармектерди сатып алуу” беренесинен жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн тизмесине киргизилген суюк кислородду сатып алуу боюнча мониторинг жүргүзүп, жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн, же мамлекеттик акциясы 100% болгон “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынан түз келишим менен сатып алынбастан, конкурс менен “Юг Газ Трейд” ЖЧКсынан кымбат баада, же 1 килограммын 80 сомдон 85 сомго чейин сатып алышкан. Аудит учурунда белгилүү болгондой, “Юг Газ Трейд” ЖЧКсынан сатылып алынган кислороддун сапаты боюнча сертификаты бар, бирок медициналык керектөөгө колдонууну тастыктаган сертификаты жок.

2025-жылы жергиликтүү өндүрүүчү “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсында ошол эле суюк кислород бир килограммы 28 сомдон 35 сомго чейин сатылган. “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсынын берген маалыматы боюнча транспортировкасынын чыгымын кошкондо, болжол менен башка жөнөтүүчүлөргө салыштырмалуу ар бир килограммынан 35 сомдон 40 сомго чейинки айырманы түзөт. Аудит учурундагы талдоонун негизиндеги үнөмдөлбөгөн каражаттын болжолдуу жалпы суммасы 8 620,6 миң сомду түзөт, анын ичинен: Оштогу облосттар аралык балдардын клиникалык ооруканасынан -1461,6 миң сомго, Өзгөн районунун ЖДПБсынан - 48,0 миң сомго; Кара-Суу районунун аймактык ооруканасынан - 405,0 миң сомго, Ош

областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасынан -2320,0 миң сомго, Ноокат райондук аймактык ооруканасынан -1476,3 миң сомго, Кызыл-Кыя ЖДПБсынан - 1664,6 миң сомго, Шамалды-Сай шаарчасынын ЖДПБсынан - 104,0 миң сомго, Баткен облустук биргелешкен ооруканасынан - 1141,1 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №165-т тескемесинин талаптары сакталсын. Суюк кислородду жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн арзан баада түз келишим менен сатып алуу боюнча тиешелүү иш алып баруу жана медициналык кислород экендигин тастыктаган сертификатын талап кылуу көзөмөлгө алынсын, төмөндөгү мекемелерде: Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы, Өзгөн районунун ЖДПБсы, Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы, Ноокат райондук аймакттык ооруканасы, Кызыл-Кыя ЖДПБсы, Шамалды-Сай шаарчасынын ЖДПБсы, Баткен облустук биргелешкен ооруканасы.

Лейлек районунун Кулунду ЖДПСы тарабынан сатып алынган кислороддун баасынын негиздүүлүгү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Берилген маалыматка ылайык, Улуттук госпиталы боюнча 2025-жылдардын 31-декабрына карата кызматтар жана негизги каражаттардын дебитордук карыздын суммасы 7 791,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен “Бишкек жашыл курулуш” муниципалдык ишканасына - 2 000,0 миң сом, 2017-жылдан бери “Тамэс” ЖЧКсына - 5 560,9 миң сом, ал эми кредитордук карыздын суммасы 91 566,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен дары-дармек каражаттарына 85 209,7 миң сом, тамак-аш сатып алууга 3 782,1 миң сом.

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 22-октябрындагы №1145 “Эмгекке акы төлөө боюнча усулдук колдонмону бекитүү жөнүндө” буйругунун 6.1-пункту аткарылбастан, 91566,0 миң сом өлчөмүндөгү кредитордук карыздын жана учурдагы керектөөлөрдү каржылоого каражаттардын жетишсиздигинин болушуна карабастан, медициналык кызматкерлерге эмгекке катышуу коэффициенти (ЭКК) аркылуу 45704,6 миң сом өлчөмүндө кошумча эмгек акыга жана 6 727,6 миң сом өлчөмүндө социалдык чегерүүлөргө, жалпы 52432,2 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама**

2017-жылдан бери “Тамэс” ЖЧКсынан 5560,9 миң сом өндүрүлбөй келе жаткан (негизги каражат) курулуш иштери боюнча негизсиз жогорулатылган сумманы калыбына келтирүү боюнча иш алып барылсын.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 22-октябрындагы №1145 буйругунун 6.1-пунктунун талаптары сакталсын, Эмгек акы фондунун каражаттарын пайдаланууда кредитордук карыздар толук жөнгө салынмайынча сый акы, же дем берүүчү төлөмдөрдү төлөөгө жол берилбесин.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Б. Турдумалиевдин, 2026-жылдын 20-апрелинен тартып аудитор З.А. Сатаевдин жетекчилиги менен башкы мамлекеттик инспекторлор А. Токоматов, З. Солпуева, Н. Каимов С. Зулуев А. Шамшиев, мамлекеттик инспекторлор К. Абдыманапов С. Ниязалиев, К. Төрөбеков, С. Султанмуратов, Б. Парпиев, О. Турсункожоев, Н. Жолдошев, курулуш иштери боюнча инспекторлор Б. Джайлообаев, З. Кыралиев, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмдөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**